# 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин ишине жана бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 5-апрелиндеги № 06-1/260, 2024-жылдын 13-майындагы № 06-1/332, 2024-жылдын 20-июнундагы № 06-1/429 буйруктарына ылайык, аудитор В.А. Садовниковдун жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор Г.К. Жумагулова, А.А. Шамшиев жана мамлекеттик инспектор М.К. Нусуповдор тарабынан 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин ишине жана бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Бул аудитке карата жооптуу тарап - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары – КР МК), ал эми аудиттин субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары - ММБМА) жана анын ведомстволук уюмдары саналат.

**Аудит субъектисинин милдеттери**

ММБМАнын жетекчилиги каражаттарды башкарууда мыйзамдардын сакталышы жана жогору турган орган тарабынан берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруудагы ишмердүүлүк үчүн, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын жана анын ишин жөнгө салуучу ички документтердин аткарылышы үчүн, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде ММБМАнын иши мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү боюнча өз алдынча тыянактарга келүү. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Колдонулган аудит жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу жана чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган тыянактар жана сунуштар үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейт.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп ММБМАнын ишинин укук белгилөөчү ченемдик документтеринде бекитилген максаттарга жана милдеттерге ылайыктуулугун изилдөө жана 2023-жылга карата республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы эсептелет.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары;
- Кыргыз Республикасынын Жарандык, эмгек, салык, бюджет жана жер кодекстери;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары:
  - “Бухгалтердик эсеп жөнүндө”;
  - “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”;
  - “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө”;
  - “Акционердик коомдор жөнүндө”;
  - “Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө”;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 1-мартындагы № 999-V “2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасынын бекитүү жана “Мамлекеттештирилген объекттерди натыйжалуу башкаруу жана тескөө боюнча программаны бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2011-жылдын 8-июлундагы № 941-V токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору:
  - 2023-жылдын 18-сентябрындагы №483 “Мамлекеттик менчикти менчиктештирүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;
  - 2023-жылдын 22-сентябрындагы №499 “Жалал-Абад шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине жер участокторун, турак эмес жайларды, өндүрүш объекттерин өткөрүп берүү жөнүндө” токтому;
  - 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому;
  - 2023-жылдын 26-сентябрындагы №503 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому;
  - 2022-жылдын 1-августундагы №434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №549, 2023-жылдын 18-сентябрындагы №540 тескемелери;

- Кыргыз Республикасынын ушул системаны жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылары.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген, Шайкештик аудити боюнча колдонмолорго ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптардын сакталышын, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдык жана жөнгө салуу ченемдеринин талаптарына ылайык аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Аудиттин жүрүшүндө ММБМАнын жана анын ведомстволук уюмдарынын ишине тиешелүү ченемдик-укуктук документтер, ички ченемдик документтер жана бюджеттик каражаттардын пайдаланылышы каралды.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, ММБМАнын 2023-жылга карата иши төмөнкүдө баяндалган жагдайларды эске албаганда, бардык олуттуу аспектилерде тиешелүү мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келери аныкталды.

Мындан тышкары, ММБМАнын алдындагы “Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” мамлекеттик ишканасынын 2023-жылдагы иши, аны күтүүгө 43,4 млн сомду пайдаланууга байланыштуу, мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча 374,6 млн сомго тартип бузууларга жана кемчиликтерге жол берүүдө натыйжасыз деп табылган.

**Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылга карата мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн жана бюджеттин аткарылышы боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын төмөнкү пункттары аткарылган эмес жана жарым-жартылай аткарылган:

23 пункттан турган 2023-жылдын 1-сентябрындагы № 01-20/98 жазма буйруктун 7.2, 8.1 пунктчалары жарым-жартылай аткарылды, аткарылган эмес:

- 1-пункту. 2020-2021-жылга карата мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылбаган пункттарын толук аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн;

- 4-пункту. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 10-беренесине ылайык, Качкынбаев О.К., Платонов Илья Михайлович, Осмоналиева Алтын Кубановна, Бектурсун уулу Болотбек, Осмонов Азиз Маратович тарабынан ыктыярдуу негизде берилген, мамлекеттик мүлккө кабыл алынган 90 874,4 миң сомдук батирлердин жана турак эмес жайлардын суммасын республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө киргизүү боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн;

- 5-пункту. Мамлекеттик үлүшкө дивиденддердин чегерилген суммасынын айып туумдарынын бюджеттин киреше бөлүгүнө төгүлбөй калган 40,6 млн сом калыбына келтирилсин, анын ичинен:- "РСК Банк" ААКсы боюнча айып пулдарынын карызы 23,3 млн сом;- "Транс улуттук компаниясы "Дастан" ААКсы боюнча айып туумдарынын суммасы 8,4 млн сом; "Кыргызтелеком" ААК боюнча айып туум менен штрафтар 8,9 млн сом;

- 7.3.-пунктчасы. "Аукцион борбору" мамлекеттик мекемеси ижара акысын төлөө боюнча, салыштыруу актыларын бардык баланс кармоочулар менен үзгүлтүксүз түзсүн. Мындан ары, ижара келишимдерин түзүүнү, ижара акысын толук жана өз убагында төлөөнү көзөмөлдөө максатында, бюджеттик мекемелердин, мамлекеттик ишканалардын мамлекеттик мүлктү жана жерди ижарага берүү боюнча отчеттуулук системасы иштелип чыгылсын;

- 9.1.-пунктчасы. "Алтын Кум" филиалы үстүдөгү жылга ижарачылар менен ижара келишимин түзүү боюнча чаралары көрүлсүн жана 1508,8 миң сом суммасындагы ижара акысынын толук өндүрүлүшү камсыз кылынсын;

- 14.1.-пунктчасы. Медиа Холдинг «Пирамида" Жоопкерчилиги чектелген коому боюнча Салыктар жана Социалдык фондго төлөмдөр боюнча тиешелүү түрдө 1 263,4 миң сом жана 9 999,8 миң сом суммасындагы кредитордук карыздар жоюлсун;

- 15.3.- пунктчасы. Мындан ары, даяр продукцияларды сатууну тастыктаган прейскуранттардын негизинде ишке ашырылсын. Спиртти бекитилген прейскурантынан арзандатып сатууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын;

- 16.2.-пунктчасы. "Бишкек машина куруу заводу" ачык акционердик коому боюнча 2022-жылдын жыйынтыгына киреше жана чыгашалар отчетунун 160-тилкесине 259,0 миң сомго жана 200-тилкесине 25,9 миң сомго кошумча өзгөртүүлөр киргизилсин. Кошумча эсептелген 25,9 миң сомдук пайдадан салык мамлекеттик бюджетке чегерилсин;

- 16.3.-пунктчасы. “Бишкек машина куруу заводу” ААКсынын администрациясы “Мурамет” ЖЧК тарабынан негизги каражаттарга 951,0 миң сомдук келтирилген чыгымдар ордуна коюлсун;

- 16.4.- пунктчасы. “Бишкек машина куруу заводу” ачык акционердик коому боюнча, түзүлгөн келишимдердин талаптарынын негизинде, товардык баалуулуктарды өз убагында алып келбегендиги үчүн финансылык санкцияларды колдонуп жылдын аягына түзүлгөн 13795,7 миң сомдук дебитордук карыздар өндүрүлсүн;

- 16.6.- пунктчасы. “Бишкек машина куруу заводу” ачык акционердик коому боюнча, Келишимдин шарттарына ылайык, өз убагында төлөбөгөн ижарачыларга туумдар эсептелсин жана 2 290,1 миң сомдук ижара акылары толук өлчөмдө “Бишкек машина куруу заводу” ААКка өндүрүлсүн;

- 18.1.-пунктчасы. Мындан ары, “Таш-Көмүр” жоопкерчилиги чектелген коомунун карамагындагы негизги каражаттардын сакталуусу ыкчам көзөмөлгө алынсын. Жетишпеген 4521,8 миң сомук негизги каражаттар боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн;

- 19.1.- пунктчасы. Мындан ары, “Беш-Буркан шахтасы” жоопкерчилиги чектелген коомунун карамагындагы курулмалар жана негизги каражаттардын сакталуусу ыкчам көзөмөлгө алынсын. Жетишпеген 3183,2 миң сомдук негизги каражаттар боюнча тийиштүү иш чаралар жүргүзүлсүн;

- 23.3.-пунктчасы. “Туратали базары” мамлекеттик ишканасынын Отчету боюнча кем көрсөтүлгөн 858,2 миң сом ижара акыдан эсептелген 257,5 миң сомдук бюджетке кошумча төлөө республикалык бюджетке төлөнүп берилсин;

- 23.4.-пунктчасы. “Туратали базары” мамлекеттик ишканасы 2022-жылдын 31-декабрында бекитилген Бухгалтердик баланстын 1-формасы боюнча эсептен жашырылган 2808,6 миң сом дебитордук карызы кайра өз-ара эсептешүүлөрдүн негизинде ордуна коюлсун, ошондой эле, 2023-жылдын жыйынтыгы менен төлөнүүчү төлөмдөрдүн эсебинен ишкананын пайдасына кыскартылсын.

- 20 пункттан турган 2023-жылдын 1-сентябрындагы № 01-20/94 сунуштаманын 1-пункту жарым жартылай аткарылды, аткарылган эмес:

3-пункту. Мамлекеттик ишканалардын балансында турган мамлекеттик мүлктү натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу максатында, Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган катары Фондго финансылык-чарбалык ишмердүүлүк жөнүндө отчетторду жана республикалык бюджетке кошумча киреше алуу максатында, Фонд, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлиги менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-майындагы № 267 “Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин системасындагы ведомстволук мамлекеттик ишканалардын айрым маселелери жөнүндө” токтомунун тиешелүү пункттарынын аткарылышы кыска мөөнөттө камсыз кылынсын;

6-пункту. Ижарага алынган объекттердин көпчүлүгү Бишкек шаарында жайгашкандыктан, ижара келишимдеринин санын, ошондой эле Бишкек шаары боюнча ижарага берилүүчү аянтты (70 чарчы метрден ашкан учурда) көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүүнү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгеленсин;

9.1-пунктчасы. Ижарага алынган объекттердин көпчүлүгү Бишкек шаарында жайгашкандыктан, ижара келишимдеринин санын, ошондой эле Бишкек шаары боюнча ижарага берилүүчү аянтты (70 чарчы метрден ашкан учурда) көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүүнү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине демилгеленсин;

9.2-пунктчасы. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемеси менен бирдикте мамлекеттик ишканалар жана мекемелер тарабынан бюджетке чегерилген ижара акысынын суммасынан 70 % ижарага берилген мүлктү күтүүгө жана оңдоого, ошондой эле материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө республикалык бюджеттен чегерүү механизмдери иштелип чыксын;

9.5-пунктчасы. "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемеси, мамлекеттик мекемелердин балансында турган мамлекеттик мүлк жана жер участоктору боюнча маалыматтарды берүү боюнча ишти күчөтсүн, мамлекеттик объектилердеги бош пайдаланылбай жаткан жайлар боюнча маалымат базасын түзүү жана мамлекеттик органдардын ижарага алынган жайларды жана алар тарабынан ижара акысын төлөө жөнүндө маалыматтарды Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун: arenda.page.kg. сайтында өз убагында жайгаштырылышын камсыз кылсын.

**Сунуштама**

2022-жылга карата мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйруктун жана сунуштамалардын толук көлөмдө аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн:

- 2023-жылдын 1-сентябрындагы № 01-20/98 жазма буйруктун 1, 4, 5-пункттары жана 7.2, 7.3, 8.1, 9.1, 14.1, 15.3, 16.2, 16.3, 16.4, 16.6, 18.1, 19.1, 23.3, 23.4 -пунктчалары;
- 2023-жылдын 1-сентябрындагы № 01-20/94 сунуштаманын 1, 3, 6-пункттары жана 9.1, 9.2, 9.5-пунктчалары.

**Ишинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ары - ММБМА) атынан экономиканын ар кандай секторлорунун иштеп жаткан 21 акционердик

коомдорунда акционер жана 5 жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучусу катары чыгат, 58 мамлекеттик ишканада (мындан ары – МИ) финансылык-чарбалык ишти координациялайт.

***Мамлекеттик компаниялар секторунун негизги финансылык көрсөткүчтөрү***

| **Компаниялардын саны (бирдик)** | **Активдердин бардыгы (млн сом)** | **Милдеттенмелердин бардыгы (млн сом)** | **Бардык капиталдар (млн сом)** | **Таза пайда (млн сом)** | **Төлөнгөн дивиденддер (млн сом)** | **Төлөнгөн салыктар жана башка төгүмдөр (млн сом)** | **Кызматкерлердин саны (адам)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *Мамлекеттик ишканалар* | | | | | | | |
| 58 | 65 642,3 | 14 322,9 | 20,5 | 4 897,0 | 205,0 | 1 874,5 | 12 071 |
| *Уставдык капиталында мамлекеттик үлүш катышкан чарбакер коомдор* | | | | | | | |
| 26 | 336 624,6 | 98 191,9 | 51 151,5 | 28 778,2 | 16 870,4 | 6 723,0 | 12 819 |

## Салыктык эмес төлөмдөр боюнча түшүүлөрдү талдоо

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик мүлктү башкаруудан түшкөн каражаттар 23 799,8 млн сомду түзгөн, анын ичинде: дивиденддерден – 16 870,4 млн сом; мамлекеттик мекемелердин кирешелеринен - 201,2 млн сом; мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн - 177,8 млн сом; менчиктештирүүдөн - 5 192,8 млн сом; жана башкалардан - 22,1 млн сом.

Мыйзамдарда каралбаган тартипте финансылык эмес активдер түрүндөгү дивиденддерден түшүүлөрдөн 1 335,3 млн сом кабыл алынган.

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча болжолдонгон менчиктештирүүдөн түшүүлөр 99,2 %га аткарылган же болбосо 39,0 млн сомго кем алуу менен, 5 192,8 млн сомго аткарылганы аныкталган.

“Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинде мындай ченем жоктугуна карабастан, мүлктү келечектеги дивиденддердин эсебинен өткөрүп берүүнү сунуштаган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин тескемелерине таянуу менен, акционерлер жана директорлордун чогулушунун чечиминин негизинде 2022-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча 1 334,8 млн сом толук көлөмдө дивиденддерди бир жолку эсепке алуу жүргүзүлгөн, анын ичинде:

- КР ИИМ үчүн, 109,2 млн сомго бааланган наркында, “МАМ” ААКтын эски аэропортунун имаратын өткөрүп берүүдөн - 117,0 млн сом (2022-жылдын 21-декабрындагы №652-Т);
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы үчүн, жер участкасын эсепке алуу менен (1 226,2 млн сом), 2 177,3 млн сомго баалоо наркы менен “Кыргызалтын” ААКсынын “Кыргыз деңизи” санаториясын берүүдөн (2023-жылдын 17-мартындагы №113-Т) – 1 217,8 млн сом (жери жок

959,5 млн. сом). Белгилей кетсек, “Кыргыз деңизи” санаториясынын мүлктүк комплекси жер тилкесинин наркын эсепке албастан, 1226,2 млн. сомго бааланып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын ыкчам башкаруусуна өткөрүлүп берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (*06.09.2024-ж. № 01-20/116*) берилгендиги эске алынсын:

-1 334,8 млн сом суммасындагы дивиденддерди бир жолку толук эсепке алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын;

- алдын-ала 1 226,2 млн сомго бааланган “Кыргыз деңизи” санаториясынын жер участкасынын наркын балanска алуу жана финансылык отчеттуулукта көрсөтүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-1-беренесине ылайык, мамлекеттик мүлктү башкаруу тармагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ыйгарым укуктуу бир нече аткаруу бийлик органдарынын тутуму аркылуу ишке ашырылат.

Алсак, аудиттин датасына ММБМА менен катар акционер катарында мамлекетти көрсөткөн аткаруу бийлигинин 9 тармактык органы турат (КРП Иш башкармалыгы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги, Кыргыз Республикасынын ӨКМ, Ош жана Чолпон-Ата шаарларынын мэриялары). Башкача айтканда, мамлекеттик бийликтин бул тармактык органдары бир эле учурда бир жагынан мамлекеттик саясатты ишке ашырган жана экинчи жактан акционер катары мамлекетти көрсөткөн органдар болуп саналат, бул болсо, кызыкчылыктардын кагылышуусунун пайда болушуна алып келет.

Акционердин ыйгарым укуктарын корпоративдик башкаруу ыкмаларына жана корпоративдик башкаруунун финансылык сабаттуулугуна ээ болбогон спецификалык министрликтерге өткөрүп берүү, мамлекеттик акционердик коомдорду натыйжасыз башкарууга алып келүүдө, мындан улам, республикалык бюджеттин киреше бөлүгү жабыркап, айрым учурда корпоративдик ишканалардын толук банкрот болушуна алып келет. Практика көрсөткөндөй, аталган министрликтер мамлекеттик акционердик коомдорду башкарууда биринчи кезектеги милдет катары министрликтин спецификасы маселесин коет, тийиштүү түрдө корпоративдик башкаруу, мамлекеттин кирешесине дивиденддер жана кирешеден чегерүүлөр көбүнчө эске алынбай калат.

Алсак, негизинен, билдирилген дивиденддер боюнча 104 596,7 миң сом өлчөмүндөгү узак мөөнөттүү өндүрүлбөгөн карыздар тармактык

министрликтерге өткөрүлгөн субъектилерде жол берилген: “Найман ГЭС” ААКсы - 146,7 миң сом, “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы - 613,7 миң сом, “Нарын СГЭМ” ААКсы - 3636,3 миң сом, ТНК “Дастан” – 100 200,0 миң сом.

Негизинен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-майындагы №250 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттин катышуу үлүшү бар айрым чарбалык коомдордо акционер (катышуучу) катары чыгуу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча функцияларды өткөрүп берүү жөнүндө” токтому менен, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине акционер (катышуучу) катары чыгуу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча функцияларды өткөрүп берүүдө, “ТНК Дастан” тарабынан 2021-жыл үчүн 100,2 млн сомго жарыяланган дивиденддердин төлөнүшүнө контролдоо жана мониторинг жүргүзүлбөстөн, анын түшпөй калышына жол берилген.

**Сунуштама**

104 596,7 миң сомго жарыяланган дивиденддер боюнча айып пулдарды эсептөө менен, узак мөөнөттүү карыздарды өндүрүү боюнча чаралардын кабыл алынбагандыгына (“Найман ГЭС” ААКсы - 146,7 миң сом, “Нарынгидроэнергокурулуш” ААКсы - 613,7 миң сом, “Нарын СГЭМ” ААКсы – 3 636,3 миң сом, ТНК “Дастан”- 100 200,0 миң сом) жол берген акционерлердин кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине сунуштама (*06.09.2024-ж. № 01-20/115*) жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жазма буйрук (*06.09.2024-ж. №01-20/109*) берилгендиги эске алынсын.

**Бекитилген мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасынын аткарылышына талдоо**

2023-жылга менчиктештирүүдөн түшүүлөр – 5 192,8 млн. сом, 7% комиссиялык жыйым – 14,4 млн. сом, туум – 1,3 млн. сомду түзгөн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 5-октябрындагы “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Мыйзамдын 4-бөлүгүнүн 33-беренесинин негизинде, “Альфа Телеком” ЖАКтын мамлекеттик пакетинин 100% сатуудан сатуучуга (Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Өнүктүрүү Банкы ААКсы) 2024-жылдын октябрына чейин 9,8 млрд сомго бөлүп-бөлүп төлөө каралган *(2023-жылдын 5-октябрындагы редакциясында).*

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы №483 “Мамлекеттик менчикти менчиктештирүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун негизинде, “Альфа Телеком” ЖАКтын мамлекеттик пакетин 100% сатуудан, 7% комиссиялык жыйымдын түшпөй калышы 1,0 млрд сомду түздү.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 5-октябрындагы “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Мыйзамдын 4-бөлүгүнүн 33-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы №483 “Мамлекеттик менчикти менчиктештирүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун негизинде *(2023-жылдын 5-октябрындагы редакциясында)*, 2023-жылы “Альфа Телеком” ЖАКтын мамлекеттик пакетинин 100% (9,8 млрд. сом) сатып алуудан “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКка бөлүп-бөлүп төлөөгө байланыштуу салыктык эмес кирешелердин 10,8 млрд сом түшпөй калышына жана 7% комиссиялык жыйымдын (1,0 млрд сом) өндүрүлбөй калышына жол берилген.

**Сунуштама**

Камсыз кылынсын:

- “Альфа Телеком” ЖАКтын мамлекеттик пакетин 100% сатып алуудан “Мамлекеттик Өнүктүрүү Банкы” ААКсынан бөлүп-бөлүп төлөөнү 9,8 млрд. сомго өндүрүү;
- 2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик мүлктү менчиктештирүүнүн программасынын 2-бөлүгүнүн 3-пунктундагы менчиктештирүүнүн ыкмасын жана конкреттүү мөөнөттөрүн аныктоо бөлүгүн ишке ашыруу.

**Дивиденддерди администрлөөнүн абалы**

ММБМА мамлекеттин атынан экономиканын ар кыл секторундагы иштеп жаткан 21 акционердик коомдорунда акционер катары жана 5 жоопкерчилиги чектелген коомдо катышуучу катары чыгат.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик катышуу үлүшү бар 21 акционердик коомдун 19 акционердик коому 29 843,1 млн сомго таза киреше менен аяктаган.

**Аныкталды**

2023-жылдын 1-январына карата 6,4 млн. сом өлчөмүндө жарыяланган дивиденддер боюнча төлөнбөгөн узак мөөнөттүү карыздар аныкталган: “Айдаркен сымап акционердик коому” ААКсы - 3,4 млн сом, “Эйр Кыргызстан” ЖЧКсы - 3,0 млн сом.

Жыл башында дивиденддерди төлөө мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн *(11 күндөн 365 күнгө чейин)* 52,5 млн сом айып пул санкциясы эсептелген, ал жыл аягына чейин 54,2 млн сомго чейин өскөн.

**Корутунду**

Төмөндөгүлөрдүн толук жана өз мөөнөтүндө түшүүсү боюнча натыйжалуу иш камсыздалган эмес:

- 6,4 млн сом өлчөмүндө төлөнбөгөн узак мөөнөттүү карыздардын пайда болушуна алып келген мамлекеттик акционердик коомдордун эсептелген дивиденддери;

- мурдагы деңгээлден 1,7 млн сомго өскөн 54,2 млн сом суммасындагы айып пулдарды өндүрүү.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (*06.09.2024-ж. № 01-20/116*) берилгендиги эске алсын:

- 6,4 млн сом өлчөмүндө жарыяланган дивиденддер боюнча төлөнбөгөн узак мөөнөттүү карыздардын пайда болушуна жана төлөнбөгөн айып пулдардын 1,7 млн сомго же 54,2 млн сомго чейин өсүүсүнө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын;
- бюджеттин киреше бөлүгүнө 60,6 млн сомдук резервдердин толук жана өз убагында түшүүсүн камсыз кылуу боюнча натыйжалуу иштер камсыздалсын.

**Акционердик коомдордогу мамлекеттик өкүлдөрдүн иши жөнүндө (Директорлор Кеңеши жана ревизиялык комиссиялар)**

**Аныкталды**

Директорлор Кеңешин күтүүгө жалпы чыгымдар - 51,5 млн сомду, Ревизиялык комиссияларын күтүүгө - 15,8 млн сомду жана тышкы аудиторлорду күтүүгө - 11,4 млн сомду түзгөн.

Акционерлердин саны 50 бирдикке чейин болсо, акционерлердин элүүгө чейинки саны менен, Директорлор Кеңешин уюштуруусуз акционердик коомдун ишин кароо бөлүгүндө, “Акционердик коомдор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесинин 2-пункту колдонулбайт. Алсак, 42,0 млн сом күтүү чыгымы менен, 50 бирдикке чейинки акционерлердин саны менен 8 акционердик коомдо Директорлор Кеңеши уюштурулган (“МИК” ААКсы, ХРАО, “Кыргызалтын” ААКсы, “Айыл Банк” ААКсы, “РСК Банк” ААКсы, “Майлуу-Суу лампа заводу” ААКсы, “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы” ААКсы, “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАК).

2022-жылга салыштырмалуу Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн күтүүгө каралган чыгымдар 18,3 млн сомго өскөндүгү байкалган. Алсак, 2022-жылы чыгымдар 33,2 млн сомду түзсө, 2023-жылы 51,5 млн сомду түзгөн.

Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн күтүүгө чыгымдардын бир кыйла өскөндүгү жана олуттуу чыгымдар төмөнкүлөрдө белгиленген: “Айыл-банк” ААКта - 6,0 млн сомго (7,1ден 13,2 млн сомго чейин), РСК Банк ААКта - 3,6 млн сомго (7,2ден 10,8 млн сомго чейин).

Мисалга алсак:

- “Айыл Банк” ААКсында Директорлор Кеңешинин 5 мүчөсү бар, мында директорлор кеңешинин 1 мүчөсүнө чыгымдар 1,42 млн сомдон 2,64 млн сомго чейин өскөн;
- “РСК Банк” ААКсында Директорлор Кеңешинин 1 мүчөсүнө чыгашалар 1,44 млн сомдон 2,16 млн сомго чейин. Ревизиялык комиссияны

күтүү боюнча чыгымдар 2022-жылга салыштырмалуу 3,4 млн сомго, аудиттин чыгашалары 1,3 млн сомго өстү.

Аудитордук функцияларды күтүүгө 22,4 млн сом суммасында чыгымдар белгиленген (ревизиялык комиссиялар – 12,4 млн сом жана көз карандысыз аудитордук компаниялар – 10,0 млн сом).

**Корутунду**

2023-жылы мурдагы деңгээлге салыштырмалуу Директорлор Кеңешинин мүчөлөрүн күтүүгө каралган чыгымдар - 18,3 млн сомго, ошол эле учурда аудитордук функцияларды күтүүгө чыгымдар 22,0 млн сомго өскөндүгү байкалган.

Акционерлердин саны 50 бирдикке чейин болсо, акционерлердин элүүгө чейинки саны менен, 8 акционердик коомдо акционерлердин саны 50 бирдикке чейинки, аларды күтүүгө болжол менен 42,0 млн сом чыгымы каралган Директорлор Кеңешин уюштуруу бөлүгүндө, "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесинин 2-пункту колдонулбайт ("МИК" ААКсы, ХРАО, "Кыргызалтын" ААКсы, "Айыл Банк" ААКсы, "РСК Банк" ААКсы, "Майлуу-Суу лампа заводу" ААКсы, "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы" ААКсы, "Кыргыз фондулук биржасы" ЖАК).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (*06.09.2024-ж. № 01-20/116*) берилгендиги эске алынсын:

- Директорлор Кеңешинин жана ревизиялык комиссиялардын мүчөлөрүн күтүүгө чыгымдарды аныктоонун оптималдуу тутуму камсыздалсын.

- акционерлердин саны 50 бирдикке чейин болсо, акционердик коомдордун ишинде Директорлор Кеңешин уюштуруу бөлүгүндө, "Акционердик коомдор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 36-беренесинин 2-пунктун колдонуу мүмкүнчүлүгү каралсын.

**Аныкталды**

Акционердик коомдордо ревизиялык комиссиялар тарабынан аудитордук функциялардын жетишээрлик сапаттуу жүргүзүлбөгөндүгү белгиленген.

*Атап айтканда:*

*"Мамлекеттик камсыздандыруу компаниясы" ААКсынын 1,6 эсеге өздүк нарктын 122,8 млн сомго чейин өсүшүнүн себептерин, 5,6 млн сомго транспорт каражаттарын чыгаруунун негиздүүлүгүн, 6 коммерциялык банкта депозиттерди жайгаштыруу үчүн коммерциялык банктарды тандоодо мыйзамдардын сакталышын (431,7 млн. сом) ачыкталган эмес;*

*"Мамлекеттик Ипотекалык компания" ААКсы 19,5 млн сомдук киреше планын аткарбай, Директорлор Кеңешинин мүчөсүнүн сый акысын ашыкча чыгымдоо себептерин ачыкталган эмес;*

*"Айдаркен сымап акционердик коому" АТАКта дебитордук карыздын 27,6 млн сомго өсүшүнүн, эмгек акы төлөө фондунун 146% га же 20,6 млн сомго ашыкча чыгымдалышынын, административдик чыгымдардын 11,8 млн сомго ашыкча*

*чыгымдалышынын, пландан тышкаркы башка чыгымдарга жол берүүнүн – 7,9 млн сомунун, рентабелдүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрүнө жана фискалдык тобокелдиктерге талдоонун жоктугу ачыкталган эмес;*

*“Кызыл-Кыя тамеки-ферментация заводу” АТАКта бюджеттин аткарылышына, пландык экономикалык көрсөткүчтөргө, натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүнүн абалына, дебитордук жана кредитордук карыздардын абалына жана текшерүү предметине киргизилген бардык маселелерге талдоо жүргүзүлбөйт, рентабелдүүлүктүн жана фискалдык тобокелдиктердин негизги көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүзүлгөн эмес;*

*“Суудолбор” ААКта аванстык төлөмдөрдүн 2 эсе 28,0 млн сомго чейин өсүшүнүн, ижарачылардын коммуналдык чыгымдары боюнча 760,8 миң сомго ашыкча чыгымдалышынын, рентабелдүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрүнө жана фискалдык тобокелдиктерге талдоонун жоктугунун себептери ачыкталган эмес;*

*“Бишкек машина куруу заводу” ААКсында 1,2 млн сомго башка өндүрүштүк эмес чыгымдарынын ашыкча чыгымдалышынын, дебитордук карыздын 9,2 млн сомго жана кредитордук карыздын 10,3 млн сомго өсүшүнүн себептерин, рентабелдүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрүнө жана фискалдык тобокелдиктерге талдоонун жоктугу ачыкталган эмес;*

*“Кыргызнефтегаз” ААКсында рентабелдүүлүктүн жана фискалдык тобокелдиктердин негизги көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүзүүнүн жоктугу.*

Көз карандысыз аудиттердин бардык аудитордук корутундулары эч кандай эскертүүсүз жана оң пикирди камтыйт.

**Корутунду**

Көпчүлүк ревизиялык комиссиялардын берген отчеттору жана көз карандысыз аудиторлордун корутундулары боюнча контролдук жана аудитордук иш-чаралардын сапатсыз өткөрүлүшү белгиленген, рентабелдүүлүктүн жана фискалдык тобокелдиктердин негизги көрсөткүчтөрүнө талдоо жүргүзүлгөн эмес.

Айрым Директорлор Кеңеши жана акционерлер тарабынан аудитордук компаниялардын жана Ревизиялык комиссиялардын жыйынтыктарын сапаттуу баалоо жетишсиз жүргүзүлгөндүгү, ошондой эле алардын ишиндеги формалдуулукту жана натыйжасыздыкты көрсөтүү менен аныкталган бузууларды жоюу боюнча натыйжалуу чаралардын көрүлбөгөндүгү белгиленет.

Мамлекеттик менчик үлүшү бар чарба жүргүзүүчү субъектилерди башкаруу органдарынын ишин KPI тутуму боюнча оптимизациялоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу ММБМАнын 2023-жылга иш-пландарына (КРМК 2023-жылдын 28-июлундагы № 440-т, 2023-жылдын 12-декабрындагы № 767-т киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 3.6-блок, финансы рыногу, 253, 254-пункттар) ылайык, мамлекеттик компанияларды башкаруу органдарынын мүчөлөрүн тандоо жана көрсөтүүнүн ачык тутумун түзүү максатына жеткен эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (*06.09.2024-ж. № 01-20/116*) берилгендиги эске алынсын, камсыздалсын:

- Ревизиялык комиссиянын контролдук жана аудитордук иш-чараларды сапаттуу жүргүзүү, рентабелдүүлүк жана фискалдык тобокелдиктердин маанилүү көрсөткүчтөрүн талдоо боюнча ишине баа берүү;

- акционердик коомдордо аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди жоюу боюнча чараларды көрүү бөлүгүндө, Директорлор Кеңешинин жана акционерлер чогулушунун ишинин натыйжалуулугун контролдоо;

- мамлекеттик менчик үлүшү бар чарба жүргүзүүчү субъектилерди башкаруу органдарынын ишин KPI тутуму боюнча оптимизациялоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылга бекитилген аракеттер-пландарында чагылдырылган *(КРМКнын 2023-жылдын 28-июлундагы № 440-т, 2023-жылдын 12-декабрындагы № 767-т киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 3.6-блок, финансы рыногу, 253, 254-пункттар)* мамлекеттик компанияларды башкаруу органдарынын мүчөлөрүн тандоо жана көрсөтүүнүн ачык тутумун түзүү максатына жетүү.

**Мамлекеттик ишканалар менен иш жүргүзүү**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча ММБМА 58 мамлекеттик ишкана (мындан ары – МИ) менен иштешет.

Берилген маалыматтарга ылайык, 2023-жылы МИлер тарабынан 4 783,0 млн сом таза пайда алынган.

2023-жылы мамлекеттик бюджеттин чыгымдарын оптималдаштыруу максатында 7 мамлекеттик мекеме мамлекеттик ишканага өзгөртүлүп, өзүн-өзү каржылоо жана өзүн-өзү актоо принциптеринде иштей башташкан.

МИнин материалдык-техникалык базасын жаңылоого мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-февралындагы №90 токтому менен, бардык МИлер 2022-жылдан тартып 2025-жылды кошо алгандагы мезгил аралыгына карата иштин жыйынтыгы боюнча бюджетке таза кирешеден 50 пайыз төлөөдөн бошотулган.

Бул токтомду кабыл алуунун максаты болуп, акча каражаттарды материалдык-техникалык базаны (капиталдык салымдар: техникаларды сатып алуу, имараттарды жана курулмаларды оңдоо ж.б.) жаңылоого багыттоо эсептелет.

**Аныкталды**

МИнин иши жөнүндө жыйынды маалымат көрсөткөндөй, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 5 220,0 млн сомдон 7 920,5 млн сомго чейин дебитордук карыздын бир кыйла өсүүсү байкалган, аны менен катар кредитордук карыз 8 488,2 млн сомдон 14 322,9 млн сомго чейин, ал эми активдер 33 418,3 млн сомдон 65 642,3 млн сомго чейин өскөн.

МИлер берген жылдык отчетторду жана баланстарды алдын ала изилдөө, айрым субъекттер боюнча бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттор жөнүндө мыйзамдарды бузуу тобокелдиктери бар экендигин көрсөтөт.

Мында МИнин ишин тескеген ММБМАнын тиешелүү башкармалыктарында жана бөлүмдөрүндө бул субъекттердин иши жөнүндө так түшүндүрмөлөр жана маалыматтар жок.

Ар бир мамлекеттик ишкана үчүн директордун жана анын орун басарынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн бекитүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу" токтомунун 4-пункту аткарылбагандыгы белгиленген. ММБМА тарабынан 2024-жылдын майында гана буйрук (20.05.2024-жылдагы № 463-б буйрук) менен "МИнин жетекчисинин жана орун басарынын эмгек акы шарттары жана пайдалуу натыйжалуулуктун коэффициенти жөнүндө" жобо бекитилген.

**Корутунду**

Ар бир мамлекеттик ишкана үчүн директордун жана анын орун басарынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн бекитүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу" токтомунун 4-пункту аткарылбагандыгы белгиленген.

Негизинен, иш бюджеттин аткарылышы жөнүндө берилген отчетторду топтоо жана жалпылоо менен чектелген.

ММБМА тарабынан 2023-жыл ичинде МИнин ишинин жыйынтыктарын баалоо боюнча толук кандуу аналитикалык ишти жүргүзүлгөн эмес, бекитилген бюджеттердин аткарылган жыйынтыгы жана өнүгүүнүн бекитилген стратегиялык пландарында каралган милдеттер каралган эмес.

Дебитордук жана кредитордук карыздардын өсүү себептери аныкталган эмес, административдик чыгымдарды оптималдоо боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес. Уставдык капиталында мамлекеттик катышуу үлүшү менен мамлекеттик ишканаларда жана чарбалык коомдордо корпоративдүү башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, тармактык саясатты иштеп чыгуу боюнча милдеттер аткарылган эмес.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (*06.09.2024-ж. № 01-20/116*) берилгендиги эске алынсын:

Төмөндөгүлөрдү камсыздабаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын:

- ар бир мамлекеттик ишкана үчүн директордун жана анын орун басарынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн бекитсин деген бөлүктө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу" токтомунун 4-пунктунун аткарууну;
- ведомстволук уюмдарды контролдоо жана координациялоо боюнча функционалдык милдеттерин толук кандуу аткарууну.

Уставдык капиталында мамлекеттик катышуу үлүшү менен мамлекеттик ишканалардын жана чарбалык коомдордун ишине туруктуу негизде талдоо жана мониторинг жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылы пайда болгон жана 2021-жыл үчүн таза кирешеден 50 % бюджетке чегерүү боюнча "Кыргызкөмүр" МИнин пайда болгон 143,5 млн сом карызын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-майындагы №242 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке салуу тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун негизинде нөлгө чыгаруу жагына 2023-жылы мыйзамсыз оңдолгон. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечиминин күчү мурда пайда болгон жагдайларга жайылтылган.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (06.09.2024-ж. № 01-20/116) берилгендиги эске алынсын: "Кыргызкөмүр" МИнин 143,5 млн. сом суммасындагы кирешесинен 50 % чегерүү боюнча карызды өндүрүү жана калыбына келтирүү камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылдын аягына карата 7 мамлекеттик ишкананын кирешесинен чегерүүлөр боюнча төлөнбөгөн карыздын калдыгы 31,6 млн сомду түзгөн ("Аскер Курулуш" МИ - 623,1 миң сом, "Бишкек штамптоочу завод" МИ - 23 510,2 миң сом, "Витязь" МИ - 123,9 миң сом, "Кыргызавтобекет" МИ - 386,8 миң сом, "Санаторий Ысык-Көл Аврора" МИ - 3 855,0 миң сом, "Өзгөчө кырдаалдарга көңүл буруу боюнча Түндүк борбору" МИ – 1 511,7 миң сом, "Элдик" МИ - 1 563,1 миң сом ж.б.).

Мындан тышкары, 2023-жылдын аягына карата кирешелерден чегерүүлөрдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн айып пул санкциялары боюнча 27,4 млн сомго өндүрүлбөгөн карыздар бар.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (*06.09.2024-ж. № 01-20/116*) берилгендиги эске алынсын:

- МИнин кирешесинен чегерүүлөр боюнча мөөнөтү өткөн 31,6 млн. сомдук карыздарды жана кирешелерден чегерүүлөрдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн эсептелген 27,4 млн. сом айып пул санкцияларын толук өндүрүүнү камсыздабаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.
- 7 мамлекеттик ишканадан МИнин кирешесинен чегерүүлөр боюнча мөөнөтү өткөн 31,6 млн сом карыздарын жана кирешелерден чегерүүлөрдүн мөөнөтүн өткөргөндүгү үчүн эсептелген 27,4 млн сом айып пул санкцияларын толук өндүрүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Республикалык бюджеттин пайдасына 229,2 млн. сом алынууга тийиш болгон, өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жана материалдык-техникалык базаны жаңылоого МИнин таза кирешесинин 50 %ы пайдаланылбагандыгы белгиленген.

Алсак, ММБМАнын отчеттук маалыматтары боюнча, 2022-жылдын жыйынтыгы менен “Инфоком” МИси тарабынан, материалдык-техникалык базаны жаңылоо жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 4-майындагы №242 токтомуна ылайык, өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу үчүн, ишкананын тескөөсүндө калган 69,9 млн. сом 2022-жылдагы мезгил аралыгындагы ишкананын таза кирешесинен 50 % пайдаланылган эмес.

Ушундай эле, “Кыргызаэронавигация” МИ - 130,6 млн. сом, “Борбордук лаборатория” МИ - 14,7 млн. сом, “Аскер көмөкчү чарбасы” МИ - 0,3 млн. сом, “Аскер соода башкармалыгы” МИ - 1,2 млн. сом, “Карабалта спирт заводу” МИ - 6,8 млн. сом, “ПМК” МИ - 5,2 млн. сом, “Кыргызавтобекети” МИ - 0,07 млн. сом, “Бажы инфра түзүмү” МИ - 0,2 млн. сом, “КР ИИМ ЖКККББнын техникалык багыттагы борбору” МИ - 0,3 млн. сом.

**Корутунду**

Республикалык бюджеттин пайдасына 229,2 млн. сом алынууга тийиш болгон, өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жана материалдык-техникалык базаны жаңылоого МИлердин таза кирешесинин 50 %ы пайдаланылбагандыгы белгиленген.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (06.09.2024-ж. № 01-20/116) берилгендиги эске алынсын:

- 2023-жыл ичинде өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жана материалдык-техникалык базаны жаңылоого мамлекеттик ишканалардын таза кирешесинин пайдаланылбаган 50 %ын, республикалык бюджеттин пайдасына 229,2 млн. сомдун алынышын камсыздабаганга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын;
- 2023-жыл ичинде өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу жана материалдык-техникалык базаны жаңылоого мамлекеттик ишканалардын таза кирешесинин пайдаланылбаган 50 %ын республикалык бюджеттин пайдасына 229,2 млн. сомду алуу камсыздалсын.

**Ижара мамилелерин башкаруу боюнча иштердин абалы**

Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн республикалык бюджеттин кирешесине иш жүзүндө келип түшкөн каражаттар 112 %га аткаруу менен пландагы 160,0 млн сомдун ордуна 177,8 млн сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысынын эсептелген суммаларын толук эсепке алуу камсыздалган эмес. Алсак, 2023-жыл үчүн жалпы келип түшкөн 171,3 млн сом алдында 47,4 млн сомго ижара акысын эсептөө менен, 294 баланс кармоочулар менен салыштыруу актылары түзүлгөн.

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара акысынын суммалары боюнча 7,2 млн сом өлчөмүндө карыз бар.

Отчетто айрым ижарага берүүчүлөр тарабынан 18,8 млн сом карыз суммасы көрсөтүлбөгөндүгү аныкталган.

"Аукциондук борбордун" ММдин кызматкерлери менен биргелешип, мамлекеттик мүлктүн ижарага берилишинин мыйзамдуулугун текшерүүдө төмөндөгүлөр аныкталган:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталда "Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө" Жобонун (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 24.09.2023-жылдагы № 183 токтому менен бекитилген) 3-главасынын 10-пунктун бузуу менен, 6,5 млн. сомго ижара акысын төлөбөстөн, 5 жылдык мөөнөт менен 1012 кв.м аянттагы жайды Медицинанын эл аралык жогорку менчик мектебине берүү. Мындан сырткары, Улуттук госпиталдын аймагында ар кандай багыттар боюнча иштеп жаткан 7 соода түйүнү аныкталган, аларда ыйгарым укуктуу органдын каттоосунан өтпөгөн ижара келишимдери бар;
- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Кинематография депатаментинин Т. Океев атындагы Улуттук "Кыргызфильм" киностудиясында 2019-жылдан бери Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство универститетине 1,8 млн. сом ижара аксынын эсептик суммасы менен билим берүү мекемеси үчүн 676 кв. м. жай кайтарымсыз пайдаланууга берилген.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (06.09.2024-ж. № 01-20/116) берилгендиги эске алынсын:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук госпиталынын жана Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Кинематография департаментинин Т. Океев атындагы Улуттук "Кыргызфильм" киностудиясынын жайын ижарага кайтарымсыз берүүгө жол берген . кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын;
- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Кинематография департаментинин Т. Океев атындагы Улуттук "Кыргызфильм" киностудиясынын жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук

госпиталынын жайын ижарага берүү боюнча бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон 8,3 млн. сом ижара акысын өндүрүү камсыздалсын;

- ижарага берилген мамлекеттик мүлк объекттерин кароо боюнча тиешелүү иш-чараларды дайыма өткөрүүнү караган иш-чаралар планы түзүлсүн;

- ведомстволор аралык автоматташтырылган маалыматтык тутумдун колдонуудагы программасынын алкагында, ыйгарым укуктуу органда каттоодон өтпөгөн, ижарага алынган мамлекеттик мүлк субъекттерин аныктоо максатында, бош имараттарга, жайларга жана жер участкаларына мониторинг жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жан корутунду**

Бишкек шаарынын жана Чүй областынын аймагында ижарага берилген жайлардын рыноктук ижара акысын баалоого жүргүзүлгөн мониторинг, мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдө жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан колдонулган баалар ортосундагы баалоодо олуттуу айырманы көрсөткөн.

Ыйгарым укуктуу орган тарабынан мамлекеттик мүлктү натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу боюнча чаралар көрүлбөгөндүктөн, ошондой эле мамлекеттик мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартибин иштеп чыгуу максатында, өз ара ижара мамилелери чөйрөсүндө рыноктук орточо бааларга мониторинг жүргүзүлбөгөндүктөн, 92,4 млн сомго чейин эсептик резервдердин тартылбай калышына алып келген.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (06.09.2024-ж. № 01-20/116) берилгендиги эске алынсын:

- 1 кв. метр үчүн ижара акысынын суммасынын рыноктук наркын баалоого жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө” нускамадагы бир айлык ижара акысынын базалык наркын көбөйтүүнүн максатка ылайыктуулугу каралсын;

- мамлекеттик мүлктү колдонуу үчүн ижара акысын эсептөө тартибин аныктоо жөнүндө долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн ижара акысына рыноктук баалоого мониторинг дайыма жүргүзүлсүн.

## Мүлктү мамлекеттик менчикке кабыл алуунун абалы

**Аныкталды жана корутунду**

ММБМАнын 2023-жылдагы иши жөнүндө берилген отчетуна ылайык, мамлекеттик менчикке 54 объект алынган.

Ыктыярдуу жана акысыз өткөрүп берүү жөнүндө келишимдерге ылайык, 3 324,6 млн сомго 38 объект ММБР ВАМСта каттоосуз бааланып, кабыл алынган.

ММБМАга караштуу “Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” мамлекеттик ишканасы тарабынан **289,9 млн сом** наркы менен 7 объектини баланска кириштөө камсыздалган эмес.

Наркы 841,8 млн сом турган 11 обьектинин ичинен 790,1 млн сомго 10 обьект аукциондо сатылган.

Аудит жүргүзүлгөн күнгө чейин 13 активдерди алуучу объектилерди баалоо бөлүгүндө ыкчам башкарууга өткөрүп берүү жана аларды ММБР ВАМСта каттоо боюнча ММБМАнын буйруктарынын аткарылышы камсыз кылынган эмес (Республикалык клиникалык инфекциялык оорукана - 1, КР Озгөчө кырдаалдар министлиги - 2, КРӨ Иш башкармалыгы - 6, Балыкчы шаррынын мэриясы -1, ММБМАга караштуу “Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” мамлекеттик ишканасы – 3).

Аудит тарабынан кыймылсыз мүлктүн 3 объектиси (0,31 га жер участкасында жайгашкан 87,72 кв.м. турак жай аянты, 236,33 кв. м. жалпы пайдалуу аянты менен турак үй, 0,90 га жер участкасы, көп жылдык бак-дарактары менен жер участогу) ММБМАга караштуу “Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” мамлекеттик ишканасынын балансына киргизилбегендиги жана эсепке алынбагандыгы аныкталган.

**Сунуштама**

Көз карандысыз баалоочуларды тартуу, рыноктук бааны аныктоо менен мүлктү ыкчам башкарууга өткөрүп берүү боюнча ММБМАнын буйруктарынын аткарылышы камсыз кылынсын.

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча караштуу кыймылсыз мүлктүн 3 объектисин жана наркы 289,9 млн. сомдук 7 объектини бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөй жана алардын баланста кириштелбей калышына жол берген ММБМАга “Объекттерди башкаруу боюнча дирекциясы” МИ кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын сунуштамасы (06.09.2024-ж. №01-20/116) берилгендиги эске алынсын.

## “Мамлекеттик мүлктүн бирдиктүү реестри” ведомстволор аралык автоматташтырылган маалыматтык системасынын (ММБР ВАМС) абалы

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылдын аягына карата, маалыматтын жеткиликтүүлүгүн чектөө жөнүндө ички ченемдик актыларга таянуу менен, ММБР ВАМСта мамлекеттик мүлктү ачык автоматташтырылган эсепке алуу процессине катышпаган 8 мамлекеттик орган белгиленген: *КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, КР Ички иштер министрлиги, КР Коргоо министрлиги, КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети, КР Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы, КР Улуттук банкы, КР Президентинин Иш башкармалыгы*, *КР Аскер прокуратурасы.*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүн эсепке алуунун бирдиктүү тутумун жүргүзүү, ошондой эле жыйынды мамлекеттик мүлктүк балансты түзүү боюнча ченемдик-укуктук базанын жоктугу белгиленет.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине сунуштама (*06.09.2024-ж. № 01-20/115*) берилгендиги эске алынсын.

**Мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү санариптештирүүнүн абалы**

**Аныкталды жан корутунду**

ММБМАнын учурдагы веб-сайты https://fgi.gov.kg бүгүнкү күндө талаптагыдай администрацияланбайт, анын функционалы учурдагы муктаждыктарга жооп бербейт, ишканалардын, акционердик коомдордун жана компаниялардын финансылык отчеттуулугу боюнча маалыматтар жок, анын базасында санариптештирүү боюнча жаңы милдеттерди ишке ашырууга мүмкүн эмес.

ММБМАнын https://fgi.gov.kg веб-сайтынын толук эмес иштеши 2023-жылы ММБМАнын санариптештирүү секторун күтүүгө багытталган 1,1 млн сомду натыйжалуу пайдаланууну таанууга мүмкүндүк бербейт.

**Сунуштама**

ММБМАнын https://fgi.gov.kg веб-сайтынын толук кандуу иштешин камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**2023-жылга бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын аткарылышына аудит**

2023-жылга ММБМАны күтүүгө чыгымдардын сметасы алгач 87,6 млн сомго 2009,9 млн сомго чейин тактоо менен бекитилген, мында кассалык чыгымдар 661,8 млн сомго, факт жүзүндөгү чыгымдар 670,9 млн сомго аткарылган.

Активдер боюнча:

- “Имараттар жана курулмалар” такталган смета 1 621,5 млн сомду, кассалык чыгымдар 286,0 млн сомду жана факт жүзүндөгү чыгымдар 286,0 млн. сомду;
- “Машиналар жана жабдуулар” такталган смета 26,7 млн сомду, кассалык чыгымдар 26,6 млн сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 26,6 млн сомду;
- “Жер” такталган смета 249,0 млн сомду, кассалык чыгымдар 248,1 млн сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 248,1 млн сомду түзгөн.

**Финансылык активдер менен операцияларга аудит (имараттар курулмалар, машиналар жабдуулар, жер)**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №549-т (*2023-жылдын 9-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экокномика жана фискалдык саясат боюнча комитеттин чечими менен макулдашылган*) тескемесине ылайык, “Техно-Стиль” ЖЧКсынын салык карыздарын төлөө максатында, Кыргыз Рерспубликасынын Финансы министрлиги тарабынан “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана

2024-2025-жылдардын пландык мезгили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр даярдалган:

- бажы төлөмдөрү боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүн 601,7 млн. сомго көбөйтүү;
- жаран Кудаяр Сыдыкка тиешелүү кыймылсыз мүлктү (3 бирдиктеги) сатып алуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттикке (мындан ары – КМК ММБМА) 601,7 млн. сом бөлүү;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан "Индустриал Парк Силк Вэй" ЖЧКсына тиешелүү мүлктү мамлекеттик мүлктүн менчигине сатып алуу;
- "Техно-Стиль" ЖЧКсынын салык карызын төлөө эсебинен бюджеттин кирешесине 601,7 млн. сом өлчөмүндө акча каражаттарын чегерүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматы тарабынан зарыл чараларды көрүү.

Жаран Кудаяр Сыдыкка таандык кыймылсыз мүлктүн курамына, Чүй областы, Аламүдүн району, Ленин айылы, Алма-Ата көчөсү,1/1 дарегинде жайгашкан, төмөндөгүлөр кирген:

- аянты 2,751 га жер участогу;
- аянты 1,643 га жер участогу;
- бардык жабдуулары, кампа жайлары жана аянты 0,93 га болгон жанаша участогу бар "Түндүк" Бажы тариздөө аянты" Биргелешкен ишканасы" ЖЧКсынын административдик имараты (үч кабаттуу).

Бул тескеменин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жүктөлгөн.

Бул документтин долбоору Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы тарабынан 2023-жылдын 21-августунда №18-6860 каты менен демилгеленген, анда негиздеме-маалымкаттын сыпаттама бөлүгүндө «Техно-Стиль» ЖЧКсы укук коргоо органдарынын ишинин жыйынтыктары боюнча эсептелген салык карыздарын төлөө боюнча милдеттенмелерди аткарбай жаткандыгы жана бардык жагынан аны төлөө мүмкүнчүлүгү жок экендиги белгиленген.

Ошол эле учурда "Индустриал Парк Силк Вэй" ЖЧКсы "Техно-Стиль" ЖЧКсынын карызын төлөө эсебине менчик укугунда өзүнө таандык мүлктү өткөрүп берүү ниетин билдирип жаткандыгы жөнүндө келтирилген.

Мында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы үчүн мамлекеттик чек арага жакын жайгашуунун артыкчылыктары жана өз милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн бир катар мүмкүнчүлүктөр баса белгиленди.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 16-октябрындагы №67203 кабарлоосунун маалымкаты боюнча ММБМАга финансылык активдерди сатып алууга республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнөн 601,7 млн сом бөлүнгөн.

ММБМА тарабынан КНС боюнча карызды төлөө эсебине 547,9 млн сом суммасында Салык кызматынын Аламүдүн району боюнча башкармалыгынын эсебине төлөм коду (КНС) 11411100 (2023-жылдын 25-октябрындагы №677 - 274,5 млн. сом, 2023-жылдын 25 – октябрындагы № 678 - 25,6 млн. сом, 2023-жылдын 25-октябрындагы № 679 - 247,9 млн. сом) которулган.

***Кыймылсыз мүлктү баалоо жөнүндө***

ММБМА (Сатып алуучу атынан мүлктү тескөө боюнча бөлүмдүн башчысы Э.К. Жманакулованын) менен Кыргыз Республикасынын жараны Кудаяр Сыдыктын (Сатуучу) ортосунда 2023-жылдын 24-октябрындагы №111 Сатуу-сатып алуу келишими түзүлүп, анда, Сатуучу Сатып алуучунун менчигине, Чүй областы, Аламүдүн району, Ленин айылы, Алма-Ата көчөсү-1/1 дарек боюнча жайгашкан төмөндөгү мүлктү берүүгө милдеттенген:

- аянты 2,751 га жер участогу;
- аянты 1,643 га жер участогу;
- “Түндүк” Бажы тариздөө аянты" Биргелешкен ишканасы” ЖЧКсынын административдик имараты (үч кабаттуу) бардык жабдуулары, кампа жайлары жана жанаша аянты 0,93 га жакын участогу менен .

Келишимдин 2.1-пунктунда “Бизнес эксперт” көз карандысыз баалоо жана аналитика борбору” ЖЧКсы тарабынан 17.07.2023-жылында түзүлгөн “Кыймылсыз мүлктүн рыноктук наркын баалоо жөнүндө” отчетуна ылайык мүлктүн баасы 547,9 млн.сомго аныкталган.

Келишимдин 3.1-пунктуна ылайык, “Сатуучу” “Техно-стиль” жоопкерчилиги чектелген коомунун салык карызын жоюунун эсебине мүлктү сатуудан түшкөн акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алыш-бериш эсебине которууга макулдук берген.

Баалоо объектилеринин курамына төмөнкүлөр кирген:

-Ленин айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1, КМБ №7-01-10-0010-0206-01 жер пайдалануу укугун эсепке албастан (жерди жакшыртуунун менчик ээси А.К. Кубанычбеков) 158,8 млн сом суммасында кыймылсыз мүлк;

- Ленин айылындагы Алма-Ата/айланма жолундагы Бажы терминалынын 363,5 млн. сомго (имараттар жана курулмалар - 115,6 млн сом, жер участогу 27,5 миң м2 - 145,5 млн сом, жер участогу 16,4 миң м2 – 102,4 млн. сом) кыймылсыз мүлкү;

- саны 84 аталыштагы 25,5 млн сомго мүлк.

26,4 миң м2 асфальтбетон катмарынын, тараза бункеринин, өткөрмө пункттарынын, контейнердин, айры жүктөгүчтүн, тазалоочу курулманын ж. б. мүнөздөмөлөрүнүн идентификацияланбагандыгына байланыштуу айрым объекттердин наркынын жогорулашы мүмкүн болуучу тобокелдиктер белгиленет.

Мында, ММБМАнын 2023-жылдын 11-ноябрындагы №600-б буйругу менен бекитилген 83 аталыштагы мүлк КР Президентинин Иш башкармасына ыкчам башкаруу укугунда өткөрүп берүү актысы менен өткөрүлүп берилген (*булардан тышкары: оргтехника 407,0 миң сомго, анын ичинен Canon МФ 3010 принтер 6 бирдик 92,0 миң сомго, Canon LBP 6030 6 бирдик - 45,0 миң сом, компьютердик комплект 7intel Core i5-7400, 12 бирдик - 270,0 миң сомго*).

ММБМАнын 2023-жылдын 3-ноябрындагы №600-б буйругу менен бекитилген баштапкы өткөрүп берүү-кабыл алуу актысына ылайык, жаран Кудаяр Сыдык тарабынан 19 даана компьютер берилген, 31 бирдик же андан көп 12 бирдике бааланган кезде. Аталган 270,0 миң сомго 12 бирдик компьютер 2023-жылдын 17-ноябрындагы өткөрүп берүү-кабыл алуу актысына ылайык ММБМАга кабыл алынган жана кийин ММБМАнын балансына кабыл алуу менен өз карамагында калтырган.

Аудит жүргүзүлгөн күнгө карата Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №242 токтомуна жана ММБМАнын 2024-жылдын 28-майындагы №504-б буйругуна ылайык, өткөрүп берүү кабыл алуу актысына ылайык, 2024-жылдын 11-июнунда Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментине 2 жер участогу (2,751 га жана 1,643 га) жана жабдуулары менен 3 кабаттуу административдик имарат берилген.

Салык карызын төлөө эсебине “Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсына таандык болбогон 158,8 млн. сом суммасындагы кыймылсыз мүлк кабыл алынган (Ленин айылы, Алма-Ата көчөсү, 1/1, КМБ №7-01-10-0010-0206-01).

26,4 миң м2 асфальтбетон катмарынын, тараза бункеринин, өткөрмө пункттарынын, контейнерлердин, айры жүктөгүчтүн, тазалоочу курулманын ж.б. идентификациялык мүнөздөмөсүнүн жоктугуна байланыштуу, айрым объектилердин наркын ашыруунун мүмкүн болуучу тобокелдиктери бар.

“Индустриал Парк Силк Вэй” ЖЧКсынан жана А.К. Кубанычбековдон 547,9 млн. сомго мүлктү сатып алуу, ММБМАнын республикалык бюджетинен бөлүнгөн каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөн (КРФМдин 2023-жылдын 16-октябрындагы №67203 билдирүү маалымкаты), ал төлөм коду (КНС) 11411100, “Техно стиль” ЖЧКсынын карызын төлөө боюнча Аламүдүн району боюнча Салык кызматынын башкармалыгына чегерилген.

Ошону менен, КРФМ алдындагы “Техно-Стиль” ЖЧКсынын 547,9 млн.сом салыктык карызын төлөө, Маалымкат-Негиздемеде көрсөтүлгөндөй “Техно-Стиль” ЖЧКсынын карызын төлөө эсебине өз ыктыяры менен мүлктү берүү аркылуу эмес, “Индустриал Парк Силк Вэй”

ЖЧКсынан жана А.К. Кубанычбековдон кыймылсыз мүлктү сатып алуу үчүн, ММБМАнын республикалык бюджетинин чыгымдар бөлүгүнөн каражаттарды бөлүү аркылуу жүргүзүлгөн.

**Эмгек акыга жана башка төлөөлөргө, штаттык расписаниени түзүүнүн жана эмгек акы фондун түзүүнүн тууралыгына аудит**

Эмгек акы түзүмүнүн негизги бөлүгүн 23,7 млн сом же 40,6% суммасында кызматтык маяналар түзөт, андан ары татаалдыгы жана сапаты үчүн үстөк - 8,8 млн сом же 15,0%, 13-эмгек акы - 4,0 млн сом же 6,7%, материалдык жардам - 3,9 млн сом же 6,6%, сыйлык - 3 850,8 миң сом же 6,6%, тамак-аш – 3,8 млн сом же 6,5%, эмгек өргүү – 3,4 млн сом же 5,8%, иштеген жылдары үчүн үстөк - 3,2 млн сом же 5,5% ж. б.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгына ылайык келбегендигине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин Өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фонду жөнүндө" жобонун (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 26-сентябрындагы №503 токтому) жана ММБМАнын директорунун буйруктарынын негизинде ММБМАны өнүктүрүү жана материалдык камсыздоо фондунан бардык кызматкерлерге, кенже тейлөөчү жана техникалык тейлөөчү персоналдарына кошо 7,8 млн сомго сыйлыктар жана материалдык жардам төлөнүп берилген:

- 2023-жылдын 2-ноябрындагы №591-б буйругу менен 3,9 млн сомго ар бирине 20 000 сом өлчөмүндө кышка даярдоо мезгилинде айыл чарба азыктарын сатып алууга жана жылытуу мезгилинде көмүр сатып алууга материалдык жардам;
- 2023-жылдын 2-ноябрындагы №592-б. буйругу менен 3,9 млн. сомго эмгек акы өлчөмүндө кошумча сыйлык.

Бөлүм башчы эмгек өргүүгө чыкканда, анын убактылуу милдеттерин айкалыштыруу үчүн 6 864 сом негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары, эмгек өргүүгө чыгууда кызматтарды айкалыштыруу үчүн төлөө токтотулсун.

Сыйлыктар, материалдык жардам жана убактылуу милдеттерди айкалыштыргандыгы үчүн төлөөлөр, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити**

**Аныкталды жана корутунду**:

31.12.2023-жылга карата 6-тиркемеге ылайык дебитордук карыз 255,2 миң сомду түзүп, өсүш 75,6 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык

отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамага ылайык,  эсепке алынууга тийиш болгон бюджеттик каражаттар боюнча дебитордук карыздын суммасы 221,2 миң сомду түзгөн**.**

**Сунуштама**

221,2 миң сом суммасында дебитордук карыздын пайда болушунун себептерине талдоо жүргүзүү жана бюджетке чегерүүнү ишке ашыруу камсыз кылынсын.

**Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы**

**Аныкталды жан корутунду**

Бухгалтердик эсеп эсептин мемориалдык-ордердик формасы боюнча жүргүзүлөт. Жеткирүүчүлөрдүн эсеп-фактуралары кагаз түрүндө кабыл алынат.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 18.03.2022-жылдагы №141 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, жеткирүүчүлөрдөн эсеп-фактураларды электрондук формада кабыл алуу камсыз кылынсын.

**ММБМАга караштуу “Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” мамлекеттик ишканасы (мындан ары – Дирекция)**

**Аныкталды жана корутунду**

Дирекциянын филиалдары “Энесай”, “Золотые пески”, “Рахат” пансионаттарында “Ак-Кеме” мейманкана комплексинде, “Элдик” мамлекеттик ишканасында активдүү чарбалык иштен ашыкча киреше алып келүүчү эксплуатациялык статьялар боюнча ашыкча чыгымдар менен байланышкан 55,4 млн сомго кирешелерди эсептик жашырууга жол берилген.

**Сунуштама**

Натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн киргизүү, финансы-чарбалык ишти талдоону күчөтүү, кирешелер жана чыгымдар сметасын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

2021-жылдын 23-ноябрынан тартып “РСК Банк” ААКсына акча каражаттарын ашыкча которууга же аларды жүгүртүү каражаттарын бурууга жол берилген, бул коммерциялык банкка жашыруун кредит берүүнү билдирет.

Алсак, 2023-жылдын башына карата коммерциялык банктардын эсептериндеги калдыктар 1 096,8 миң сомду жана 2023-жылдын аягына карата 672,6 миң сомду түзгөн.  Башкача айтканда, КР Жарандык кодексинин 360-беренесине ылайык мыйзамсыз кармап калуунун натыйжасында башка бирөөнүн акча каражаттарын пайдалангандыгы үчүн жоопкерчилик келип чыгат.

**Сунуштама**

"РСК Банк" ААКсынын кызматкерлеринин эмгек акысы түрүндө 1096,8 миң сомго ашыкча акча каражаттарын которууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Дирекция тарабынан негизсиз жана чыгымдар сметасында каралбаган ведомстволук уюмдардын кызматкерлерине эмгек акы боюнча 887,6 миң сом суммасында ("Ак-Кеме" АКсы - 852,9 миң сом, "Энесай" пансионаты - 34,7 миң сом) карызды төлөөгө жол берилген, алар өз активдери жана милдеттенмелери менен бюджеттери бекитилген өзүнчө юридикалык жактар болуп саналат.

**Сунуштама**

Ведомстволук уюмдардын кызматкерлерине негизсиз жана чыгымдардын сметасында каралбаган 887,6 миң сом ("Ак-Кеме" АКсы - 852,9 миң сом, "Энесай" пансионаты - 34,7 миң сом) суммасында эмгек акы боюнча төлөнгөн карыздарды калыбына келтирүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кадрлар жана иш кагаздарын жүргүзүү секторунун кызматкери Д.М. Убышалиевге иштен бошотууда 22 972 сом эсептелген, натыйжада 32 173 сом төлөнгөн, б.а. 13 499 сом ашыкча төлөнгөн, ал бүгүнкү күнгө чейин кайтарыла элек.

**Сунуштама**

Кызматкерди жумуштан бошотkondo 13,5 миң сом суммасында акча каражаттарын ашыкча которууга жана эмгек акыны негизсиз ашыкча төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Кадрлар жана иш кагаздарын жүргүзүү секторунун кызматкери Д.М. Убышалиевди иштен бошотууда 13,5 миң сом өлчөмүндө ашыкча төлөнгөн каражатты кайтарып берүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналдын чектүү штаттык саны жөнүндө" токтомун бузуу менен ММБМАга караштуу "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" МИнин директорунун 26.05.2023-жылдагы №34-б буйругунун негизинде орун басардын кызмат орду штаттык сандан ашыкча кармоого жол берилген, бул 644,6 миң сомго кошумча чыгымдарга алып келген.

**Сунуштама**

ММБМАга караштуу "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" МИнин директорунун 26.05.2023-жылдагы №34-б буйругу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик

органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналдын чектүү штаттык саны жөнүндө” токтомуна ылайык келтирүү үчүн кайрадан каралып чыксын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналдын чектүү штаттык саны жөнүндө” токтомунун ченемдерин бузуу менен, орун басардын кызмат орду боюнча штаттык санды ашыкча күтүүгө жол берген кызмат адамдардын жоопкерчилигин каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 29.12.2023-жылдагы № 737/67-7 “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө” токтомун бузуу менен ишкананын кассасынан 14 185, 7 миң сомго накталай каражаттар менен чыгымдар жүзөгө ашырылган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 29.12.2023-жылдагы № 737/67-7 токтому менен бекитилген, 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча “Мамлекеттик программаны” аткарбаганга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Ырастоочу документтери жок Р. Жекшеновго берилген отчет берүүчү суммаларды 423,0 миң сомго негизсиз эсептен чыгарууга жол берилген.

**Сунуштама**

Ырастоочу документтери жок эсептен чыгарылган 423,0 миң сомду эсепке алууну калыбына келтирүү жана жоюу камсыз кылынсын.

Аванстык отчетторду тариздөө, кабыл алуу жана тапшыруу бөлүгүндө “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын бузулушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жан корутунду**

“Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” МИнин “Аукциондук борбор” мамлекеттик мекемесинин алдындагы 6284,2 миң сомго дебитордук карызды жашырууга жол берилген.

**Сунуштама**

6 284,3 миң сомго ижара акысы боюнча карыздарды жоюу камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу ММБФнын 2021-жылдын 24-августундагы №3 96-б “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу

ММБФнын алдындагы “Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” МИге жооптуу сактоого өткөрүп берилген, Клубный чолок көчөсү 14 дарегиндеги, 2,96 га жер участкасы, жалпы аянты 5 210,5 ч.м. келген мүлктүк комплекс боюнча тиешелүү чечим кабыл алуу жөнүндө” буйругу аткарылбагандыгы аныкталды.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу ММБФнын 2021-жылдын 24-августундагы № 396-б буйругунун “Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” МИге жооптуу сактоого өткөрүлүп берилген, дареги: Клубный чолок көчөсү 14, өлчөмү 2,96 га жер участкасы, жалпы аянты 5 210,5 ч.м. келген мүлктүк комплекс боюнча тиешелүү чечим кабыл алуу бөлүгүнүн аткарылышы камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Арсен строй” ЖЧКсынын иштерин аткаруунун келишимдик мөөнөттөрү бузулган учурда 49,2 миң сом суммасындагы айып санкциясы талап кылынган эмес.

**Сунуштама**

49,2 миң сомго айып санкцияларын талап кылууну камсыздабаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

“Арсен строй” ЖЧКсынан кармалбаган 49,2 миң сом айып санкцияларын бюджетке калыбына келтирүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“1С; ишкана” даяр лицензиялык программалык продуктусун өзгөртүү жана/же толуктап иштеп чыгуу боюнча көрсөтүлүүчү кызматтардын, ошондой эле программалык камсыздоону пайдалануу боюнча консультациялык кызматтардын наркын жогорулатуу жөнүндө жеке ишкер Н.К. Тургунбаевдин кайрылуусунун негизинде, кошумча макулдашууну түзүү менен көрсөтүлгөн кызматтардын айлык наркынын 5 000 сомго же жалпысынан 35,0 миң сомго (келишимдин баштапкы суммасы 25,0 миң сом) жогорулашына жол берилген, бул административдик чыгымдардын негизсиз көбөйүшүнө алып келген.

**Сунуштама**

Жеке ишкер Н.К. Тургунбаевге негизсиз төлөгөн 35,0 миң сом өлчөмүндөгү каражат кайра кайтаруу камсыз кылынсын.

Алгач түзүлгөн жана тараптар кол койгон келишимдин суммасынын 35,0 миң сомго көбөйүшүнө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Наркы 288,5 млн сом турган мүлктү, ошондой эле бааланбаган 7 объектти балансreferences жана бухгалтердик эсепке алынбагандыгы аныкталган.

**Сунуштама**

Мамлекеттик менчикке 288,5 млн сомго мүлктү кабыл алууну, аны өз убагында толук баалоону жана баланска кабыл алууну камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Ыкчам башкарууга алынган мүлктү инвентаризациялоону, көз карандысыз эксперттик баалоону жүргүзүү жана финансылык отчеттордо көрсөтүү менен балансқа кабыл алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Дирекциянын ведомствого караштуу филиалдарга 2017-2023-жылдар ичинде 10,0 млн сом (“Золотые пески” пансионаты – 4,1 млн сом, “Энесай” пансионаты – 4,6 млн сом, “Ак-Кеме” мейманканасы -1,3 млн сом) зайымдык каражаттарды берүү жолу менен мыйзамсыз банк ишин жүзөгө ашыруусу аныкталды.

Узак мөөнөттүү милдеттенмелер категориясына кирген карыздык каражаттар боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздар болгон учурда бул каражаттар балансста жана финансылык отчетто “кыска мөөнөттүү инвестициялар” катары туура эмес чагылдырылган.

2023-жылдын 24-ноябрындагы келишим менен “Этномаданиятты, ат спорт индустриясын жана асыл тукум жылкы чарбасын өнүктүрүү борбору” мамлекеттик ишканасына зайымдык каражат катары 7 000,0 млн сом өлчөмүндө, төлөө мөөнөтү 2024-жылдын 24-январына чейин берилет. Жогоруда көрсөтүлгөн зайымдык каражаттар кайтарылбай калган.

**Сунуштама**

7000,0 миң сом суммасында кайтарылбай калган зайымдык каражаттарды жана мөөнөтү өткөн күндөр үчүн туумдарды кайтаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

Зайым каражаттарын берүү боюнча укукка жатпаган банк ишин жүзөгө ашыруу токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Толук тастыктоочу баштапкы документтери жок 2712,78 литр өлчөмүндө 144,5 миң сомго күйүүчү-майлоочу материалдарды негизсиз эсептен чыгарууга жол берилген.

**Сунуштама**

Күйүүчү-майлоочу материалдарды негизсиз эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын.

Негизсиз эсептен чыгарылган 144,5 миң сомго күйүүчү-майлоочу материалдарды жооптуу кызмат адамдарынын эсебинен калыбына келтирүү камсыздалсын.

**“Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” мамлекеттик ишканасынын алдындагы “Металлпром” филиалы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын “Атаандаштык жөнүндө” Мыйзамынын 4-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-майындагы №304 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын товардык рынокторунда үстөмдүк абалды ээлеген Чарба жүргүзүүчү субъекттердин мамлекеттик реестрин түзүү жана жүргүзүү тартибин бузуу менен, мамлекеттик мекемелер жана ишканалар тарабынан ажыратылып жаткан түстүү жана кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын жеке

кабыл алуу, ошондой эле аларды ички рынокто сатуу процесстеринде кызыкчылыктардын кагылышуусун жараткан иш жүргүзүү белгиленген.

Атап айтканда, аудит тарабынан сатып алуу, сатуу жана ташуу боюнча бааны ыйгарым укуктуу орган менен макулдашпастан, бааларды өз алдынча белгилениши көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

"Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" МИнин Уставынын 18-пунктун бузуу менен, түстүү жана кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын сатып алууга, сатууга жана ташууга бааларды белгилөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

*Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына*

Кыргыз Республикасынын "Атаандаштык жөнүндө" Мыйзамынын 4-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-майындагы №304 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын товардык рынокторунда үстөмдүк абалды ээлеген Чарба жүргүзүүчү субъекттердин мамлекеттик реестрин түзүү жана жүргүзүү тартибинин ченемдерин аткаруу камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Ар бир кызматкердин эмгегине, жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышын камсыз кылууга анын жеке салымын жекече баалоо жүргүзбөстөн, "Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" МИнин кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө" Жобонун 1.3-пунктун бузуу менен, кварталдык сыйлыктарды мыйзамсыз берүүгө байланыштуу өздүк нарктын 1631,0 миң сомго негизсиз көбөйүшүнө жол берилген.

**Сунуштама**

"Объекттерди башкаруу боюнча дирекция" МИнин кызматкерлерин сыйлоо жөнүндө" Жобонун 1.3-пунктун бузуу менен, 1631,0 миң сомго кварталдык сый акыны негизсиз төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Сыйлоо жөнүндө ченемдик укуктук актыга функционалдык талдоо жүргүзүлсүн жана кызматкерлерди сыйлоо критерийлери кайра каралып чыксын.

**Аныкталды жана корутунду**

Бухгалтердик баланстын маалыматтарын касса боюнча 20,3 миң сомго акча каражаттарынын калдыгын ашыра көрсөтүү менен бурмалоого жол берилген.

**Сунуштама**

Касса боюнча акча каражаттарынын калдыгын 20,3 миң сомго ашыра көрсөтүү менен бухгалтердик баланстын маалыматтарын бурмалоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Бекитилген бюджетте 300,0 миң сом, иш жүзүндө аткаруу 432,0 миң сом болгон кезде, “Транспорттук чыгымдар” беренеси боюнча 132,0 миң сомго ашыкча чыгымдоого жол берилген.

**Сунуштарлат:**

“Транспорттук чыгымдар” беренеси боюнча пландан ашыкча чыгымдарга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

400,0 миң сомго сатып алуулар планын түзүү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому *(29.04.2023-ж. редакциясында)* менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин 8-пунктун бузуу менен, рынокко талдоо жүргүзүлбөстөн ишке ашырылган.

**Сунуштама**

Рынокко талдоо жүргүзбөстөн 400,0 миң сомго товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” МИнин катышуусуз 6 721 770 кг металл продукциясын ташууга баанын 200 сомго жогорулашы белгиленди.

Мындан тышкары, металл продукциясын ташуу үчүн 20,2 миң сомго ашыкча төлөм белгиленген.

**Сунуштама**

“Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” МИнин Уставынын 18-пунктун бузуу менен металл продукциясын ташуу наркынын жогорулашына жана металл продукцияларын ташуу үчүн каражаттардын ашыкча төлөнүшүнө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Төмөндөгү ккамсыз кылынсын:

- металл продукциясын ташуу үчүн бааны белгилөөнү “Объекттерди башкаруу боюнча дирекциясы” мамлекеттик ишкананын Уставынын 18-пунктуна ылайык жүргүзүү;
- металл продукциясын ташуу үчүн негизсиз ашыкча төлөнгөн 20,2 миң сомго каражат калыбына келтирүү.

**Аныкталды жана корутунду**

Жеке ишкер Ким Д.А. 27,1 миң сомго “Металлпром” филиалынын жумушчу кабинеттерине 25,73 кв. м. жалюзи жеткирүү жана орнотуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому *(29.04.2023-ж. редакциясында)* менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык

капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин 4-пунктун бузуу менен келишим түзбөстөн кызмат көрсөтүүлөрдү аткарган.

**Сунуштама**

Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда Дирекциянын Уставынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин жана “Объекттерди башкаруу боюнча дирекция” МИнин 2022-жылдын 4-августундагы №68-б буйругу менен бекитилген “Сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу тартибинин” талаптары так сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Эсепке алуу жана отчеттуулук маалыматтарынын “Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер” бөлүмүнүн маалыматтарына эсептик 45 255,5 миң сомго жана “дебитордук карыз” эсептик 210 253,8 миң сомго туура келбей калуу тобокелдиктери бар.

**Сунуштама**

Салыштыруу актылары менен ырастоо аркылуу кредитордук жана дебитордук карыздар боюнча эсепке алуу жана отчеттуулук маалыматтарын ылайык келтирүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Эсептик факт жүзүндө пайда 67,8 млн. сом болгондо же 29,8 млн. сомго болжолдонгон айырмачылык менен, отчеттук пайда 37,9 млн.сомго көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

Бюджеттин алдындагы милдеттенмелерди кийин аткаруу жана таза пайданын туура өлчөмүн аныктоо менен 2023-жыл үчүн такталган бухгалтердик балансты жана финансылык отчеттуулукту берүүнү камсыз кылынсын.

**“Ателье “Асель” мамлекеттик ишканасы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 178 токтому менен бекитилген, “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” жобонун 56-пунктун бузуу менен, “Ателье “Асель” мамлекеттик ишканасы мамлекеттик кайра каттоо жол-жобосунан өткөн эмес.

“Ателье “Асель” мамлекеттик ишканасы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү

башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин ведомствого караштуу уюму болуп саналат.

**Сунуштама**

“Ателье “Асель” мамлекеттик ишканасына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 178 токтому менен бекитилген, “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” жобонун 56-пунктунун талаптарына ылайык, кайра каттоо жол-жобосун жүргүзүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылга бекитилген план 77,0%га аткарылган, суммалык мааниде башка Операциялык иштерден бекитилген кирешелер боюнча 7 101,5 миң сомду түзгөн. Ошол эле учурда жыл ичинде жетекчи чыгарган буйруктардын негизинде өндүрүштүк көрсөткүчтөрдү аткаргандыгы үчүн квартал сайын 598,0 миң сомго сыйлыктар төлөнүп турган.

**Сунуштама**

Имараттардын жана курулмалардын ижара акыларын жыйноо боюнча план аткарылбаган учурда сый акыларды төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын МЭК караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 15.12.2022-жылдагы №645-б буйругу менен бекитилген 28.11.2022-жылдагы өткөрүп берүү-кабыл алуу актысынын тиркемесинин тизиминде көрсөтүлгөн негизги каражаттарды (1084 позиция: оргтехника, эмерек, сервер, сүрөттөр ж. б.) балanска киргизбөө жана баалоону жүргүзбөө жолу менен бухгалтердик эсептен чыгаруу, ошондой эле өткөрүп берүү-кабыл алуу актысын тариздебестен аларды “Айыл Банк” ААКсына эсепке албастан пайдаланууга берүү аныкталган.

“Ателье “Асель” мамлекеттик ишканасына Бишкек шаары, Логвиненко көчөсү, үй 14 дареги боюнча жайгашкан эмеректери жана техникалык жабдуулары менен турак эмес жай берилген. Түзүлгөн реестрлерде кабыл алуу-өткөрүп берүү актысында чагылдырылган мүлктүн баланстык же баштапкы наркы жок.

**Сунуштама**

Мүлктү бир эле учурда баалоо менен инвентаризация жүргүзүү, анын жыйынтыгы боюнча 5 222,5 миң сомго эмеректерди жана техникалык жабдууларды эсепке алуу жана балanска кабыл алуу камсыздалсын.

Балanска кирбей жана баа берилбей калышына, ошондой эле өткөрүп берүү-кабыл алуу актысын тариздебестен аларды “Айыл Банк” ААКсына эсепке алынбаган пайдалануусуна өткөрүп берүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Отчеттуу адамдардан айрым аванстык отчетторду берүүдө баштапкы документтерди өз убагында жана сапаттуу тариздөө боюнча талаптарды, ошондой эле 2002-жылдын 29-апрелиндеги №76 “Бухгалтердик эсеп

жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, аларда 395,4 миң сомго камтылган маалыматтардын анықтыгы сакталган эмес.

**Сунуштама**

Төмөндөгүлөр камсыз кылынсын:

- 395,4 миң сом суммасында негизсиз эсептен чыгарылган чыгымдарды эсепке алуу күнөөлүү адамдын эсебинен калыбына келтирүү;
- отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууну Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүү;

Отчет берүүчү адамдардын аванстык отчетторду өз убагында, толук берүүсү боюнча “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузууга жол бергендердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Ыйгарым укуктуу орган менен макулдашылган ижара келишимдин негизинде, Бишкек шаары Логвиненко көчөсү 14 дареги боюнча жайгашкан, жалпы аянты 2889,9 кв.м. бөлмөлөр 24.12.2020-жылдан 23.12.2023-жылга чейинки мөөнөткө банктык кызмат көрсөтүүлөр үчүн пайдаланууга өткөрүлүп берилген. Мында эсептелген ижара акысынын суммасына эмеректерди жана техникалык жабдууларды ижарага алуу киргизилген эмес.

**Сунуштама**

Ижарачынын эмеректерди жана техникалык жабдууларды пайдалануусун эске алуу менен, бүтүндөй ижара мезгили үчүн ижара акысына кайра эсептөөнү жүргүзүү менен, 22.07.2021-жылдагы №549 ижара келишими күчүндө болгон мезгил үчүн ижара акысынын суммасын өндүрүүнү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

КР Министрлер Кабинетинин 24.09.2021-ж. №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 9-главасынын 81-пунктун бузуу менен, 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча ижара акысынын тийиштүү суммасы 3,1 млн сомго толук которулган эмес.

**Сунуштама**

Ижара акысы боюнча 3,1 млн сом суммасындагы карызды ыйгарым укуктуу органдын алыш-бериш эсебине которуу камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому (29.04.2023-ж. редакциясында) менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин 4-пунктунун 4.1-пунктчасын бузуу менен “Ателье “Асель” МИ сатып алуулар планын бекитпестен 2023-жылдын октябрына чейин сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Сатып алуулар жол-жоболорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому (29.04.2023-ж. редакциясында) менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин алкагында жүргүзүү камсыз кылынсын.

**“Аукциондук борбор” мамлекеттик мекемеси**

**Аныкталды жан корутунду**

Электрондук соода аянтчасынын системасынан тышкары, ижара келишимдерин түз түзүү жолу менен түзүлгөн келишимдердин чоң үлүшүнүн (80,1 %) болушу, колдонуудагы электрондук системанын натыйжалуулугунун төмөндүгүн жана коюлган милдеттерге жана иш-чараларга жетишилбегендигин күбөлөндүрөт.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (06.09.2024-ж. №01-20/116) берилгени эске алынсын:

- “IS Электрондук соода аянты” автоматташтырылган тутумун модернизациялоого багытталган 1,9 млн. сомду натыйжасыз пайдаланууга алып келген электрондук соода аянтынын тутумунан сырткары 80,1 % ижара боюнча келишимдерди түзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын;
- “Электрондук соода аянтчасы” порталынын иш регламентин толук кандуу иштетүү жана ижара акысынын суммасын төлөө мөөнөттөрү боюнча так статистикалык маалыматтарды алуу, төлөө мөөнөтү өтүп кеткендиги үчүн пайыздарды автоматтык түрдө эсептөө жана карыздары боюнча ай сайын жыйынды маалыматтарды алуу максатында кайра каралып чыксын

**Аныкталды жана корутунду**

Келишимдердин берилген реестрлеринде келишимдердин мөөнөттөрү, 1 ай үчүн төлөмдүн өлчөмү жөнүндө гана маалымат чагылдырылган, мында бюджетке төлөнүүгө тийиш болгон ижара акысынын жылдык суммалары жөнүндө жалпыланган маалымат жок. “Аукциондук борбор” ММи тарабынан реестрдин маалыматтары ижара акысынын суммаларынын түшүүлөрү боюнча иш жүзүндөгү маалыматтар менен салыштырылбайт, карыздын суммасы толугу менен чыгарылбайт.

Ижара акысын эсептөө менен иш жүзүндөгү түшүүлөрдүн ортосунда 123,8 млн.сомго айырмачылыктар белгиленген, айрым ижарага берүүчүлөр боюнча отчетто чагылдырылбаган 18,8 млн. сомго карыздардын суммалары белгиленген.

Ижара келишимдери боюнча суммаларды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн туумдарды эсептөө боюнча иш жүргүзүлбөйт, төлөө мөөнөтүн

системалуу түрдө бузган же карыздары көп болгон ижарачыларга карата ижара келишимдерин мөөнөтүнөн мурда бузуу чаралары көрүлбөйт.

**Сунуштама**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча төмөндөгүдөй сунуштама (06.09.2024-ж. № 01-20/116) берилгендиги эске алынсын:

Төмөнкүлөрдү камсыздабаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын:

- ижарачылар боюнча 18,8 млн сомго карызды жашырган, ижара акысынын чегерилген суммаларын толук эсепке алууну;
- ижара келишимдери боюнча суммаларды өз убагында төлөбөгөндүгү, ижара келишимдерин мөөнөтүнөн мурда бузгандыгы үчүн, дайыма төлөө мөөнөтүн бузган же ири өлчөмдөгү карыздары бар ижарачыларга карата туумдардын чегерилишин.

Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө колдонуудагы жобого ылайык, салыштыруу актысы түзүлсүн, анын жыйынтыгы боюнча ижара акысы боюнча карыз суммаларын өндүрүү камсыздалсын;

Түзүлгөн келишим шарттарын жана ижара акысынын суммасын төлөөнү дайыма бузган субъекттерге карата, мурда түзүлгөн ижара келишимдерин бузуу боюнча сунуш демилгеленсин;

Ижара акыларынын суммалары боюнча карызды аныктоо жана аларды төлөө боюнча чараларды көрүү үчүн, мамлекеттик мүлктү ижарага алуу боюнча колдонуудагы келишимдерге толук инвентаризациялоо жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө мүлктү ижарага берүү боюнча компаниялардын жана агенттиктердин сайттарынан алынган маалыматтар, тактап айтканда, “Этажи” компаниясынын, “Lalafo” жана “House.kg” сайттарынан алынган маалыматтар колдонулуп, ар кандай багыттагы жайлардын 1 кв.метри үчүн ижара акысы жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 14.09.2022-жылдагы №501 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык колдонулган эсептөөлөр менен салыштырылган, резервдин эсептик суммасы 92 369,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 14.09.2022-жылдагы №501 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө” Нускамада бир айлык ижара акысынын базалык наркын жогорулатуунун максатка ылайыктуулугу каралып чыксын.

Мамлекеттик мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартибин аныктоо жөнүндө долбоорлорду иштеп чыгуу үчүн, рыноктук ижара акысынын бааларына мониторинг жүргүзүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылы "Аукциондук борбор" мамлекеттик мекемесинин жетекчилиги тарабынан ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн эмгек акы фондунан 827,8 миң сомго үстөк акыны эсептөөгө негиз берүүчү жүйөлөштүрүлгөн түшүндүрмөлөр же баштапкы документтер берилген эмес.

**Сунуштама**

Ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн 827,8 миң сомго негизсиз төлөөлөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Эмгек акыны эсептөө жана ага кошумча төлөөлөр жумуш убактысын иш жүзүндө иштегенин эсепке алууну эске алуу менен, жумуш убактысын иш жүзүндө эсепке алуу табелине ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

300,0 миң сом көлөмүндөгү акча каражаттарынын чыгымдарын натыйжалуу деп табуу мүмкүн эмес, анткени колдонуудагы платформаны модернизациялоонун жыйынтыгы боюнча бул бөлүмдөрдө талап кылынган маалыматтар жок.

Аудит жүргүзүү учурунда "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүн ижарага берүү келишимдеринин бирдиктүү реестри" платформасынын "бош, пайдаланылбаган мамлекеттик мүлк" бөлүмүндө пайдаланылбаган жана бош объекттер боюнча баланс кармоочулардын баштапкы маалыматтары жок. Ошол эле учурда, ведомстволор аралык автоматташтырылган маалыматтык система (ВАМС) программасынын маалыматы боюнча Ош шаары боюнча 11580,25 кв.м., Жалал-Абад шаары боюнча 3082,47 кв. м. бош пайдаланылбаган мамлекеттик мүлк аянттары бар.

**Сунуштама**

"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүн ижаралоо келишимдеринин бирдиктүү реестри" тутумунун, анда мамлекеттик мүлктү пайдалануунун натыйжалуулугу боюнча андан ары мониторинг жүргүзүү жана байкоо жүргүзүү үчүн зарыл болгон баштапкы маалыматтарды көрсөтүү менен толук кандуу иштеши камсыз кылынсын.

Мамлекеттик менчикте турган имараттардын аянттарын натыйжалуу пайдаланууну контролдоо максатында ВАМС программасынын маалыматтар базасына туруктуу негизде мониторинг жүргүзүлсүн.

**Аудитор** **В.А. Садовников**